Жакшы иш-амалдарды аткарууга шашылгыла. Караңгы түн каптагандай фитна-азгырыктар каптаган заман келет

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жакшы иш-амалдарды аткарууга шашылгыла. Караңгы түн каптагандай фитна-азгырыктар каптаган заман келет. Ошондо эрте менен ыймандуу болуп турган адам, кечинде каапыр болуп калат. Кечинде ыйманы менен жүргөн адам, эртең менен каапыр болуп калат. Алар жарыбаган дүйнө кызыкчылыгы үчүн динин сатып жиберишет".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандууларды жакшы иш-амалдарды шашылып аткарууга үндөгөн. Аларды жакшы иш-амалдардан алаксыта турган, же такыр эле аткартпай тосо турган фитна, шек-күмөндүү жаман иштер пайда болорун айткан. Ал учур түндөй караңгы, анда чындык менен жалган аралашып кетет. Адамдар ак менен караны ажырата албай калат. Азгырыктын күчтүүлүгүнөн эртең менен эле ыймандуу болуп турган адам, кечинде каапыр болуп калат. Кечинде ыймандуу болуп турган адам, эрте менен каапыр болуп калат. Убактылуу, жок болуп кете турган кайсы бир дүйнө кызыкчылыгы үчүн динин таштап коюшат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3138